КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXXVIII сессиясы**

**Токтом № 176**

Сүлүктү шаары 17-май 2024-жыл

**Сүлүктү шаарынын Бөкөнбаев көчөсүнө жол чырак (светофор) орнотуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен акча каражатын бөлүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын Бөкөнбаев көчөсүнө жол чырак (светофор) орнотуу боюнча Бөкөнбаев көчөсүнүн тургундарынын, шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап жол коопсуздугунун алдын алуу максатында Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 34 беренсине ылайык

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын Бөкөнбаев көчөсүнө жол чырак (светофор) орнотуу үчүн Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 3111 беренесинен 3112 беренесине 450 000 сом акча каражатын жылдырууга макулдук берилсин

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: М.А.Кутбидинов